УДК 371.01 (16)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-5-9

**ЖАКШЫЛЫКОВА Э.А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**ЖАКШЫЛЫКОВА Э.А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ZHAKSHYLYKOVA E.A**
KNU Jusup Balasagyn

ORCID - 0009-0008-7434-809X

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СТИЛИСТИКАСЫН ОКУТУУНУН ИЗИЛДЕНИШИ

## ИССЛЕДОВАНИЕ ПРЕПОДАВАНИЯ СТИЛИСТИКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

## RESEARCH ON TEACHING KYRGYZ LANGUAGE STYLISTICS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада орто мектептерде кыргыз тилинин стилистикасын окутууга арналып жазылган илимий-методикалык адабияттар талдоого алынган. Кыргыз тилинин стилистикасын окутуу, байланыштуу кепти окутуунун методикасын изилдеген окумуштуулардын эмгектери изилдөөнүн материалдары болуп саналат. Белгилүү окумуштуу-методисттер К.К.Сартбаев, А.Осмонкулов, С.Давлетов, Ж.Чыманов, З.Тагаева, А.Эшиевдин ж.б. аталган маселе боюнча сунуштаган методдору каралып, алардын азыркы учурдагы эффективдүүлүгү далилденип, окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүдө эмгектердин натыйжалуулугу белгиленди. Бул эмгектер окуучулардын оозеки жана жазуу кептерин өстүрүүдө натыйжалуу роль ойнойт, анткени алар тилдик нормаларды практика менен байланыштырууга карата негизги каражат болуп саналат. Стилистика сабактары коммуникативдик компетенцияны калыптандырууга шарт түзүп, алардын негизинде окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн жана тилдик жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатат. Мына ушуларды эске алуу менен ар кандай ыкмалар сунушталды. Жыйынтыгында стилистиканы окутуу боюнча илимий-изилдөө иштерин активдүү жүргүзүү зарыл экендиги белгиленип, анын бир нече обьективдүү себептери жана шарттары аныкталды.

**Аннотация:** В статье анализируется научно-методическая литература, посвященная обучению стилистике кыргызского языка в средних школах. Материалами исследования являются труды ученых, изучающих методику преподавания стилистики кыргызского языка и методику обучения связной речи. Рассмотрены методы, предложенные известными учеными-методистами К.К. Сартбаевым, А. Осмонкуловым, С. Давлетовым, Ж. Чымановым, З. Тагаевой, А. Эшиевым и др. по данной проблеме, доказана их эффективность в настоящее время, отмечена результативность работ в развитии устной и письменной речи учащихся. Эти работы играют эффективную роль в развитии устной и письменной речи учащихся, поскольку являются основным средством связи языковых норм с практикой. Уроки стилистики создают условия для формирования коммуникативной компетенции и на их основе повышают речевую деятельность и языковые способности учащихся. С учетом этого предложены различные методики. В заключение отмечается необходимость активного проведения научно-исследовательских работ по обучению стилистике, определены некоторые объективные причины и условия.

**Abstract:** The article analyzes scientific and methodological literature devoted to teaching the stylistics of the Kyrgyz language in secondary schools. The research materials include the works of scientists who study the methodology of teaching the stylistics of the Kyrgyz language and the methodology of teaching coherent speech. The methods proposed by well-known methodologists K.K. Sartbayev, A. Osmonkulov, S. Davletov, Zh. Chymanov, Z. Tagayeva, A. Eshiev, and others for solving this problem have been reviewed, their effectiveness has been proven, and the results of their work in developing students' oral and written speech have been noted. These works play an effective role in developing students' oral and written speech, as they are the main means of linking language norms with practice. Stylistics lessons create conditions for the formation of communicative competence and, on their basis, increase students' speech activity and language abilities. Taking this into account, various methods have been proposed. In conclusion,

the need for active research on teaching stylistics has been noted, and some objective reasons and conditions have been identified.

**Негизги сөздөр:** стиль; стилистика; байланыштуу кеп; окутуу; көркөм текст; кыргыз тили; баарлашуу; кеп ишмердүүлүгү; оозеки кеп; жазуу кеп; метод.

**Ключевые слова:** стиль; стилистика; связная речь; обучение; художественный текст; кыргызский язык; общение; речевая деятельность; устная речь; письменная речь; метод.

**Keywords:** style; stylistics; coherent speech; teaching; literary text; Kyrgyz language; communication; speech activity; oral speech; written speech; method.

Ар бир кыргыз тили сабагы окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн жогорулатууга жана тилдик маданиятын өстүрүүгө карата иш-аракеттердин болушун камсыз кылыш керек. Ошондуктан анын мазмунун байланыштуу кеп түзүшү актуалдуу маселе болуп саналат.

Стилистика тилдик катнаштагы эрежелерди жана нормаларды үйрөтүү аркылуу коомдук турмушта сүйлөөнүн жана жазуунун туура жолдорун окутат. Бул илим адамдарды контекстке ылайыктуу тил каражаттарын колдонууга даярдайт. Ар бир адам үчүн стилистика күнүмдүк баарлашууда ар дайым зарыл, анткени ал тилдик маданиятты жана коммуникативдик жөндөмдөрдү өстүрөт. Кыргыз тилинин стилистикасы фонетика, морфология, синтаксис сыяктуу тил бөлүмдөрү менен байланышта окутулат жана алар практикалык колдонмо катары каралат. Функционалдык стилистика мектеп программаларында 1960-жылдардан бери киргизилген, ал тексттин стилин классификациялоо менен тилде колдонуунун нормаларын аныктайт. Бул илим коомдогу сүйлөшүү чөйрөлөрүндө ойду так жеткирүүгө жардам берет.

Орто мектепте кыргыз тилинин стилистикасын үйрөтүү менен окуучуларды ырааттуу ой жүгүртүүгө жана сөз байлыгын өстүрүүгө жетишебиз. Стилистиканы окутуу боюнча жазылган илимий-методикалык эмгектерде стилистиканын негизги милдети катары тилдик компетенттүүлүктү калыптандыруу болуп саналат. Анын негизинде турмуш-тиричиликтеги баарлашууда жана кесиптик баарлашууда тилди натыйжалуу колдонууга шарт түзүлөт.

Орто мектепте кыргыз тилинин окутуунун методикасы боюнча белгилүү методист-окумуштуулар бир катар илимий-методикалык эмгектерин жазышкан. Алар: филология илимдеринин доктору, профессор К.К.Сартбаев, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, С.Үсөналиев, Ж.Чыманов, З.Тагаевалар ж.б.

Аталган окумуштуулардын методикалык эмгектеринде байланыштуу кепти окутуу боюнча да бөлүмдөр бар. Алардын байланыштуу кепти окутуу боюнча иштеп чыккан методдору окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүгө салым кошуп келе жатат.

Азыркы учурда орто мектепте кыргыз тилин окутууга карата мамиле өзгөрүп, негизги басым окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүгө коюлуп жатат. Тактап айтканда, грамматикалык материалдар ушул убакка чейин кыргыз тилинин окутуунун мазмунун түзүп келсе, азыркы учурдун талабы боюнча алар каражат катары пайдалануу болуп калды. Натыйжада кыргыз тилин окутууда сүйлөшүүгө, баарлашууга маани берилип жатат.

Анын негизинде кыргыз тилин окутуудагы аталган инновациялык мамиледен улам кыргыз тилинин ар бир бөлүмүн, фонетика, лексика, морфология жана синтаксис, окутууда ага коюлган милдеттер өзгөрүп, аларды окутуунун ык-жолдорун жаңыртуу зарылдыгы келип чыкты. Байланыштуу кепти окутуунун методикасына дагы бул жаңылоо өзүнүн таасирин тийгизип, аны окутууга карата мамиле өзгөрүп, учурдун талабына карата анын методикасын иштеп чыгуу, бул макаланын актуалдуу темага арналгандыгын аныктап турат.

“Стиль” жана “стилистика” терминдери билим берүүдө жана тилди ар тараптан изилдөөдө көп кездешет. Ал эми аны кыргыз тилин окутууда окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, сүйлөшүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүдө, кыргыз адабияты сабагы жана грамматикалык маалыматтар менен байланыштырып окутулушу керек. Мындай окутуу окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө жардам берет.

Орто мектептерде кыргыз тили сабактарында көбүнчө теориялык маалыматтар басым жасап, стилистикалык аспектилерине көңүл бурулбай калып жатат. Натыйжада окуучулардын кебиндеги кемчиликтер көп экендигин тана албайбыз. Мисалы,

стилистикалык нормалардын бузулушу жоюлбай калууда. Илимий-методикалык сунуштар грамматиканы стилистика менен интеграциялоону талап кылат, бул практикалык жактан сүйлөшүүнү жакшыртат.

Профессор К.К. Сартбаевдин «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» эмгеги кыргыз тилин окутууда фундаменталдуу эмгек болуп саналат. Эмгек бүгүнкү күндө да мугалимдер, студенттер жана изилдөөчүлөр тарабынан колдонулуп келе жатат. Анда «Сөз өстүрүүнүн методикасы» бөлүмүндө окуучулардын сөз байлыгын, оозеки жана жазуу кептерин өстүрүүнүн логикалык жана методикалык принциптерин конкреттүү мисалдар менен берген.

Окуучулардын стилдик сабаттуулугун өстүрүүдө лексикалык жана синтаксистик синонимдердин колдонулушуна, сырттан кирген сөздөрдүн өздөштүрүлүшүнө дайыма көңүл бурулуп, аларды окутуп-үйрөтүү принциптерин жана методдорун аныктап, сунуш кылган. Анын «Окуучулардын речи мазмундуу жана логикалык жагынан байланыштуу болуп, өзүнүн айтайын деген оюн ireттүү, далилдүү сүйлөп жана жаза алышы керек», [3, б. 222] – деген пикири окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууда стилистика менен тыгыз байланыштуу окутулушу керек экендигин аныктап турат. Демек, тилдин бөлүмдөрүн окутууда байланыштуу кеп менен бирге окутуу керектигин жана сүйлөшүү жөндөмдүүлүктөрү адабий тилдин нормасында окутулушу керек экендигин негизги милдет деп сунуштаган.

К.К.Сартбаев окуучуларга мектепте окуган учурдан баштап эле ар кандай коомдук иштерде сүйлөгөнгө, доклад жазганга, ар кандай темада макала жазууга, иш кагаздарын жүргүзүүгө карата көнүгүү иштерин жүргүзүү керек деп сунуштаган. Мындай машыгуу иштери окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өстүрүүгө багытталып, кыргыз тили сабагында гана эмес башка бир катар сабактарга да жакшы таасирин тийгизет деп эсептеген.

Окумуштуу окуучулардын жазуу кеби менен сүйлөө кебиндеги айырмачылыктарга өзгөчө басым жасоону сунуш кылган. Оозеки кебинде үндүн жакшы чыгышы сүйлөөгө кооздук берет, ал эми жазууда үндүн кереги жок экендигин белгилеп, алардын айырмачылыктарын көрсөткөн:

1. Оозеки кепте үндүн кубулуп чыгышы кепке кооздук берет, ал эми жазма кепте үндүн керектиги болбойт.
2. Оозеки кепте сүйлөө ыргагы, интонациясы эске алынса, жазуу кебинде бөлүм, абзац ж.б. колдонулат.
3. Оозеки кепте ой жаңсоо, мимика жана тыным аркылуу да берилет, ал эми жазма кепте мындай каражаттар колдонулбайт.
4. Оюн билдирүүдө оозеки кепте белгилүү бир ылдамдык керек болсо, тескерисинче жазма кепте кененирээк ойлонуу зарыл.
5. Оозеки кептеги кемчиликти сүйлөп жатып эле дароо оңдоп кетүүгө болот. Бирок аны алдын ала жазып даярдоо мүмкүн эмес. Ал эми жазма кепте ойду жазуу учурунда кайра карап чыгып, оңдоп-түзөтүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүк бар.
6. Оозеки кеп көбүнчө сүйлөөчү менен угуучунун арасындагы аңгеме сыяктанса, жазуу кебинде автор тарабынан мындай формада эмес, өзүнөн алыс турган нерсеге арналгандай болот жана ал узак убакытка сакталат.
7. Оозеки кеп үн (тыбыш) аркылуу берилет. Ал эми жазуу кеби тамга аркылуу берилет.
8. Оозеки кеп кулак аркылуу кабыл алынса, жазуу сөз аркылуу алынат. [3, б. 223]

Стилдин түрлөрү жана алардын айрым мүнөздүү белгилери жөнүндө төртүнчү бөлүмдө сөз кылат. Биринчи «стиль» деген түшүнүктүн маанисин ачып берген. «стиль» деген түшүнүк жазуучунун көз карашын жана чебердигин билдирүү менен бирге, чыгарманын жанрын да билдирет. Ал эми стилистика – речтин стили жөнүндөгү маселени текшерүүчү тил илиминин бир бөлүмү же стиль жөнүндөгү окуу.

Эмгек кыргыз тилин окутуунун илимий-методикалык негиздерин түзүп, стилистика менен сөз байлыгын өстүрүүнү тыгыз байланыштырган. Бул мектеп практикасында теорияны практика менен айкалыштырууга негиз болуп, окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүн жогорулатат. К.К.Сартбаевдин көз караштары азыркы окутуу программаларына да таасирин тийгизип келет.

К.К.Сартбаев тил сабактарынан тышкары тарых, адабият жана башка дисциплиналарда кеп өстүрүүнү эриш-аркак жүргүзүүнү баса белгилейт. Мугалимдер оозеки кеп үчүн жазуу практикасын (план түзүү, конспект) колдонуп, окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн

калыптандырышы керек. Бул мектеп программаларында стилистикалык нормаларды күнүмдүк практикага өткөрүүгө негиз болот. Айтылган сунуштар окуучулардын коммуникативдик жөндөмдөрүн жогорулатып, коомдогу тилдик сабаттуулукту камсыздайт. Сартбаевдин методдору бүгүнкү күндө да мектеп практикасында колдонулуп, сөз байлыгын толуктоо жана кепти байытуу үчүн негизги каражаттар катары таанылган. Бул ыкмалар окуучулардын өз ойлорун далилдүү билдирүүсүнө өбөлгө түзөт

Кыргыз тил илиминде байланыштуу кепти окутуу маселеси бир катар окумуштуулардын эмгектеринде системалуу түрдө изилденген. Бул багытта алгачкылардан болуп С. Давлетов мектеп программасында байланыштуу кепке тиешелүү материалдар жаңылангандан кийин анын теориялык мыйзам ченемдерин тактоого жана практик мугалимдер үчүн методикалык негиздерди иштеп чыгууга олуттуу көңүл бурган. Окумуштуу «Мугалимдер газетасында» жарыяланган макалаларынын негизинде 1989-жылы «Байланыштуу речь» аттуу методикалык колдонмону түзүп, анда байланыштуу кепти өнүктүрүүдөгү негизги дидактикалык бирдик катары тексттин табияты, түзүлүшү жана анын лингвистикалык-методикалык өзгөчөлүктөрү талданган. Автор тексттин стилдик классификациясына карата өзүнүн илимий көз карашын сунуштап, аларды окуу китептеринде берүү боюнча методикалык сунуштарды негиздеген [1, б. 112].

С. Давлетовдун «Официалдуу иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу» (1990) аттуу эмгеги байланыштуу кептин курамындагы иш кагаздарын окутуунун методикасын иштеп чыккан фундаменталдуу изилдөө катары мүнөздөлөт. Бул эмгек иштиктүү стилди мектеп шартында окутууда бүгүнкү күнгө чейин актуалдуулугун жоготпой келет.

Байланыштуу кепти өнүктүрүүнүн практикалык аспектилери С. Үсөналиев менен А. Сыдыкованын «Орто мектептерде изложение жаздыруунун методикасы» аттуу эмгегинде чагылдырылып, изложение жаздыруунун методикалык системасы сунушталган.

А. Эшиевдин «Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору» (VI–VII-класстар, 1995) деген колдонмосунда тексттин түзүлүшү, анын негизги белгилери практикалык материалдардын негизинде ачылып берилген. Эмгекте текст менен иштөөнүн ыкмалары, стилдик каражаттарды тандоо жана колдонуу маселелери системалуу түрдө каралып [7, б. 18], окуучулардын кептик маданиятын өнүктүрүүгө багытталган методикалык сунуштар иштелип чыккан.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж. Чымановдун «Байланыштуу кепти окутуунун негиздери» аттуу эмгеги кыргыз мектептеринде байланыштуу кепти окутуунун лингвометодикалык базасын түзгөн изилдөөлөрдүн катарына кирет. Анда байланыштуу кепти окутуунун теориялык жана методикалык маселелери комплекстүү каралып, мугалимдер үчүн практикалык сунуштар берилген. Автор стилистиканы окутуунун максатын тил каражаттарын коммуникативдик кырдаалга ылайык пайдаланууга үйрөтүү катары негиздеп, кеп стилдерин тилдин айрым бөлүмдөрүнөн бөлүп, интеграцияланган формада окутуунун зарылдыгын белгилейт [6, б. 93].

Жогорку окуу жайлары үчүн даярдалган З. Тагаеванын «Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу» аттуу окуу куралында байланыштуу кепти өстүрүүнүн психологиялык жана методикалык мыйзам ченемдери илимий негизде чечмеленген. Эмгекте байланыштуу кепти окутуунун теориялык компоненттери, кеп ишмердүүлүгүнүн негиздери, окутуу каражаттарынын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле сабакта жана класстан тышкаркы иштерде байланыштуу кепти өнүктүрүү жолдору [4, б. 96] кеңири камтылган.

В. Мусаеванын «Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу» (5-11-класстар, 2009) аттуу монографиясында байланыштуу кепти жана функционалдык стилдерди окутуу аркылуу коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун теориялык жана практикалык маселелери терең изилденген [2, б. 140]. Автор көркөм, публицистикалык, илимий жана иштиктүү стилдерди окутуунун методикалык моделдерин сунуштап, практикалык тапшырмалар, сабак үлгүлөрү жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар аркылуу алардын натыйжалуулугун негиздеген.

Жыйынтыктап айтканда, аталган окумуштуулардын эмгектери кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти жана кептин стилдерин окутуунун теориялык-методикалык негизин түзүп, окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө маанилүү илимий база болуп эсептелет.

Окуучулардын ишмердүүлүгүн өстүрүү жана калыптандыруу маселелери боюнча сөз кылууда, ойлоонун психологиялык жана логикалык закон ченемдери менен тикеден-тике байланышта каралып негизделет.

Стилистиканы окутууда мугалимдин адистик ишмердүүлүгү эң башкы орунда турат. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, руханий маданиятын, эң негизгиси сөз байлыгын өстүрүү милдеттери турат. Ошондуктан стилистиканы окутуу бүгүнкү күндүн эң актуалдуу проблемаларынан болуп саналат.

Стилистканы окутуу аркылуу биз окуучулардын кыргыз тил сабагына кызыгуусун арттыра алабыз. Ошондуктан орто мектептерде кыргыз тилин окутууда стилистиканы окутуунун ар кандай интерактивдүү методдорун колдонуу зарыл деп эсептейбиз. Стилистиканы окутууну инновациялоо менен байланыштуу кепти окутууда ээ болуучу көндүмдөргө ээ кылууга кеңири мүмкүнчүлүк берилет. Башкача айтканда инновациялоо иштери байланыштуу кепти окутуунун максат-милдеттеринен башталышын туура деп эсептейбиз.

Кыргыз тилинин стилистикасын окутууда ар кандай методдорду пайдалануу менен аны өздөштүрүүнү активдештире алабыз. Биз төмөндө стилистиканы окутууда төмөнкү методдорду колдонуу менен аны окутууну активдештирүүгө болот деген ишеничтебиз.

Иллюстративдүү (түшүндүрмө) метод.

Иллюстративдүү методду колдонууда негизги максат – кыргыз тилинин стилистикасына тиешелүү теориялык маалыматтарды көрнөк-жарнактардын, тексттик жана аудиовизуалдык материалдардын негизинде кеңири түшүндүрүү жана алардын практикалык маанисин ачып берүү болуп саналат. Бул ыкма стилистикалык түшүнүктөрдү окуучулардын аң-сезиминде так жана жеткиликтүү калыптандырууга шарт түзөт.

Методду ишке ашырууда мугалим стилистиканын темаларына ылайык көркөм чыгармалардан алынган үзүндүлөрдү, белгилүү инсандардын образдарын чагылдырган сүрөттөрдү, көркөм фильмдерден фрагменттерди жана башка иллюстративдик материалдарды пайдалана алат. Окуучулар болсо берилген маалыматтарды кунт коюп угуп, негизги түшүнүктөрдү жазып алышат, окуу китебиндеги материалдар жана көркөм тексттер менен өз алдынча иш алып барышат. Бул методдо окутуунун каражаттары катары окуу китептери, көркөм адабий чыгармалар, фильмдер, сүрөттөр жана тексттик материалдар кызмат кылат.

Репродуктивдүү метод.

Репродуктивдүү метод стилистиканы окутууда окуучулардын алынган билимдерин кайталоо, бекемдөө жана стандарттуу кырдаалда колдонууга багытталган. Бул ыкманын негизинде окуучулар ар кандай тексттердин кайсы функционалдык стилге таандык экендигин аныктоого, ошондой эле кыргыз тили менен кыргыз адабияты сабактарынын өз ара тыгыз байланышын түшүнүүгө жетишишет.

Мугалим тилдик-грамматикалык материалдарды окутууда көркөм чыгармалардан алынган чакан тексттерди колдонуп, алардагы тилдик каражаттарды табууга жана талдоого машыктырат. Окуучулар өз кезегинде керектүү маалыматтарды дептерлерине жазып, берилген грамматикалык тапшырмаларды аткарышат. Бул методдо окутуунун каражаты катары окуу китептери, көркөм тексттер жана техникалык каражаттар пайдаланылат.

Изилдөөчүлүк метод.

Изилдөөчүлүк метод стилистиканы окутууда окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Бул ыкма аркылуу мугалим стилистиканын теориялык маселелери боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр, окуу куралдары жана методикалык эмгектер тууралуу маалымат берип, окуучуларды изилдөө иштерине тартат.

Методду колдонууда мугалим көркөм адабий чыгармалардан алынган чакан тексттердин негизинде ар кандай тилдик талдоолорду жүргүзүүнү сунуштайт. Окуучулар топтук жана жекече иш формалары аркылуу суроо-тапшырмаларды өз алдынча аткарууга, проблеманы чечүүгө, жыйынтык чыгарууга машыгышат. Ошондой эле алар бири-бирине суроолорду даярдап, талкуу жүргүзүү аркылуу изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө тартылышат. Бул методдо көркөм тексттер, таблицалар, карточкалар жана техникалык каражаттар негизги дидактикалык каражат катары колдонулат.

Интерактивдүү метод.

Интерактивдүү метод азыркы учурда орто мектептерде кеңири колдонулуп жаткан натыйжалуу окутуу ыкмаларынын бири болуп саналат. Анын негизинде ой калчоо, сынчыл ой жүгүртүү, акыл чабуулу, ИНСЕРТ, конкреттүү кырдаалды талдоо сыяктуу технологиялар колдонулат. Бул ыкмалар кыргыз тилин кыргыз

адабияты менен интеграциялап окутууда өзгөчө мааниге ээ.

Интерактивдүү методдун негизги максаты – мугалим менен окуучунун, ошондой эле окуучулардын өз ара жандуу диалогго киришүүсүнө, жекече жана топтук иш аркылуу өз оюн эркин айтуусуна, биргелешип жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзүү. Мугалим сабакта жагымдуу психологиялык чөйрө түзүп, окуучулардын активдүүлүгүн арттырууга тийиш. Натыйжада окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жогорулап, өз ойлорун так, жүйөөлүү жана далилдүү баяндоо көндүмдөрү өнүгөт. Бул ыкмада техникалык каражаттар, сүрөттөр, аудио-видео материалдар жана көркөм тексттер кеңири пайдаланылат.

Текстти талдоо жана текст түзүү ыкмалары.

Сабакта текст менен иштөө окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн арттырып, алардын байланыштуу кептик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Текстти талдоо жана өз алдынча текст түзүү аркылуу окуучулар маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болушат.

Мугалим сабакта пайдаланылуучу тексттерди максатка ылайык тандап, алар боюнча аткарылуучу тапшырмаларды даярдайт, текстке мүнөздүү белгилерди бышыктоого багытталган иштерди уюштурат. Окуучулар берилген текстти талдап, аны коммуникативдик максатка ылайык адаптациялоого, текст менен иштөөнүн ар кандай формаларын аткарууга машыгышат.

Конкреттүү кырдаалды талдоо методу.

Бул методдун негизги максаты – окуучулардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча алган билимдерин реалдуу кырдаалдар менен байланышта талдоого үйрөтүү. Мугалим алдын ала конкреттүү кырдаалга ылайык материалдарды даярдап, аларды сабакта талдоого сунуштайт.

Окуучулар көркөм чыгармалардан алынган чакан тексттердин негизинде талдоо жүргүзүп, өз ойлорун билдирүүгө, чыгармачылык менен иштөөгө тартылышат. Мындай иш-аракеттер алардын активдүүлүгүн жогорулатып, практикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Көнүгүү жана машыгуу иштери.

Кыргыз тилин кыргыз адабияты менен байланышта окутууда көнүгүү жана машыгуу иштеринин ролу өзгөчө мааниге ээ. Бул иштер аркылуу окуучулар алган теориялык билимдерин бекемдеп, оозеки жана жазуу формасында колдонууга машыгышат, ошондой эле тилдик каражаттарды өз кеп ишмердүүлүгүндө пайдаланууга үйрөнүшөт.

Мугалим сабакта колдонулуучу репродуктивдүү жана продуктивдүү көнүгүүлөрдүн түрлөрүн алдын ала тандап, аларга ылайык тапшырмаларды иштеп чыгат. Окуучулар берилген тапшырмаларды аткаруу процессинде кыргыз тилинин стилистикасы боюнча билимдерин тереңдетип, практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүшөт.

Төмөндө окутуунун негизги ыкмалары таблица түрүндө берилди.

**Таблица 1. Окутуунун ыкмалары**

| № | Ыкманын аталышы | Максаты | Колдонуунун жолу | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Иллюстративдүү (түшүндүрмө) ыкма** | Стилистикалык теориялык маалыматтарды түшүндүрүү жана алардын практикалык маанисин ачуу | Сүрөттөрдү, көркөм чыгармалардан үзүндүлөрдү, фильм фрагменттерин, белгилүү инсандардын образдарын колдонуу аркылуу теманы түшүндүрүү | Окуучулар стилистикалык түшүнүктөрдү так өздөштүрөт, теорияны практика менен байланыштыра алат |
| 2 | **Репродуктивдүү ыкма** | Алынган билимдерди бекемдөө жана стандарттуу кырдаалда колдонууга үйрөтүү | Көркөм тексттердин негизинде стилди аныктоо, тилдик каражаттарды табуу боюнча тапшырмаларды аткаруу | Окуучулар тексттин стилин таанып-билүүгө жана тилдик каражаттарды туура колдонууга көнүгөт |
| 3 | **Изилдөөчүлүк** | Окуучулардын | Кыска тексттердин | Анализ жүргүзүү, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **ыкма** | изилдөөчүлүк жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү | негизинде тилдик-стилистикалык талдоо жүргүзүү, топтук жана жекече иш | жыйынтык чыгаруу жана өз алдынча иштөө көндүмдөрү калыптанат |
| 4 | **Интерактивдүү ыкма** | Коммуникативдик активдүүлүктү жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү | Акыл чабуулу, ой калчоо, ИНСЕРТ, талкуу, топтук иштерди уюштуруу | Окуучулар өз оюн так, далилдүү айтууга жана биргелешип иштөөгө үйрөнөт |
| 5 | **Текстти талдоо жана текст түзүү** | Байланыштуу кепти өнүктүрүү жана текст менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу | Текстти максатына жараша талдоо, адаптациялоо жана өз алдынча текст түзүү | Байланыштуу оозеки жана жазуу кеби өнүгөт, текст түзүү жөндөмү калыптанат |
| 6 | **Конкреттүү кырдаалды талдоо ыкмасы** | Теориялык билимдерди реалдуу коммуникативдик кырдаалда колдонууга үйрөтүү | Конкреттүү жагдайлардын негизинде көркөм тексттерди талдоо жана пикир алмашуу | Практикалык ой жүгүртүү жана кырдаалга ылайык сүйлөө көндүмү өнүгөт |
| 7 | **Көнүгүү жана машыгуу иштери** | Теориялык билимдерди бекемдөө жана практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу | Репродуктивдүү жана продуктивдүү көнүгүүлөрдү системалуу аткаруу | Стилистикалык билимдер тереңдеп, тилдик каражаттарды активдүү колдонуу жөндөмү артат |

Азыркы учурдагы инсанга багыттап окутууга карата маани берилип жаткан учурда кыргыз тили сабагында байланыштуу кепти окутууда балдардын жекече ишмердүүлүгүнө, өз алдынча ой-жүгүртүүсүнө, сүйлөө ишмердүүлүгүнө негизги көңүл бурулуп, аларды калыптандырууда ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонуу зарыл экендигин теория да, практика да көрсөтүп жаткандыгына баарыбыз күбө болуп жатабыз. Ошондуктан бул иштерге активдүү киришүү убагы келди.

Мындай иш-аракеттерди ишке ашырууда кыргыз тилин окутууда табигыйлык принцибин ар бир сабакта эске алуу негизги милдет деп билебиз. Биздин бул пикирди төмөнкү пикир дагы тастыктап турат. “Кыргыз тилин эне тили катары окутууда табигыйлык принцибин талаптарына таянууну азыркы учурдун зарылдыгы деп эсептейбиз. Анткени бул принципке таянуу жалпы эле окутууга, анын ичинде кыргыз тилин окутууга карата инсанга багыттап окутуу компетенттүүлүккө негиздеп окутуу жана деңгээлдер боюнча үйрөтүү сыяктуу окутуунун азыркы парадигмаларынын турмушка ашыруунун зарыл дидактикалык шарты деп эсептейбиз”. [5, б. 291]

Сүйлөшүү, баарлашуу жок болуп жаткан азыркы учурда кыргыз тилин орто мектепте, колледждерде жана жогорку окуу жайларында окутуу актуалдуу болуп жатат. Анын натыйжасында кыргыз тилинин стилистикасын окутуу боюнча илимий-изилдөө иштерин активдүү жүргүзүү зарыл экендиги көрүнүп турат. Анын бир нече объективдүү себептерин жана шарттарын белгилеп өтөлү:

1. Тилдик компетенцияны өнүктүрүү. Стилистиканы окутуу менен окуучулардын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн, кырдаалга жараша сөздөрдү туура колдонуусун калыптандыра алабыз. Ошондой эле оозеки жана жазуу кептерин жана кеп маданиятын өнүктүрүүгө шарт түзүлөт.
2. Функционалдык стилдерди натыйжалуу өздөштүрүү. Кыргыз тилинде расмий-иш кагаз, илимий, публицистикалык, көркөм жана сүйлөшүү стилдери бар. Бул стилдерди окутуунун ыкмаларын изилдөө студенттердин ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда туура сүйлөөсүнө жардам берет.
3. Окутуунун методикасын жаңылоо. Стилистиканы салттуу грамматикалык ыкма менен гана окутуу жетишсиз. Изилдөө аркылуу коммуникативдик, текстке негизделген, компетенттүүлүккө багытталган ыкмаларды иштеп чыгуу зарыл.

4. Заманбап билим берүү талаптарына жооп берүү. Бүгүнкү күндө билим берүү натыйжага жана практикалык колдонууга багытталып жатат. Стилистиканы окутууну изилдөө окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн, текст талдоо жана түзүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

5. Улуттук баалуулуктарды сактоо. Кыргыз тилинин стилистикасы улуттук дүйнө тааным, көркөм ой жүгүртүү менен тыгыз байланышта болгондуктан, аны окутууда тилдик баалуулуктарды сактоого жана өнүктүрүүгө көмөкчү болот.

Жыйынтыктап айтканда, келечекте стилистиканы окутууда маалыматтык технологиялар менен окутууну жана функционалдык стилистиканын орто мектептин, колледждердин программасына көбүрөөк киргизүүнү колго алуу керек. Бул мамиле кыргыз тилинин заманбап окутуусун бекемдеп, жаш муундун тилдик сабаттуулугун жогорулатат. Мындай өнүктүрүүлөр кыргыз тилин окутуунун сапатын жакшыртат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Давлетов, С. Байланыштуу речь. – Бишкек, 1989. – 68 б.
2. Мусаева, В. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу (5–11-класс). – Бишкек, 2009.
3. Сартбаев, К. К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – 6-бас. – Фрунзе : Мектеп, 1978.
4. Тагаева, З. Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу. – Бишкек, 2008.
5. Чыманов, Ж. А., Аскар кызы, К. Ж. Эне тилди окутууда табигыйлык принцибине таянуунун зарылдыктары // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – № 9. – Б. 290–294. – DOI: 10.26104/NNTIK.2024.32.81.057. – EDN: VLJUMI.
6. Чыманов, Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. – Бишкек, 1997.
7. Эшиев, А. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору (VI–VII класс). – Бишкек, 1995.


**Рецензент: п.и.к., доцент Каразакова З.**